«Жылалды» № 8 орто мектеби

# Педагогикалык кенешменин жобосу

«Бекитемин »

Мектеп директору: У.Эшенкулова

«___» августа 2021-ж.

# Мазмуну

1.Жалпы жобо.

2.Нормативдүү сылкалар.

3.Педагогикалык кеңештин компотенциясы.

4.Педагогикалык кеңештин түзүүнүн эрежелери жана анын мүчөлөрү.

5.Педагогикалык кеңештин отуруму жана анын кабыл алуусу.

6.Педагогикалык кеңештин мүчөлөрүнүн укугу жана милдеттери.

7.Педагогикалык кеңештин документтери.

8.Педагогикалык кеңештин жобосу менен тааныштыруу баракчасы.

**1.Жалпы жобо.**

**1.1** Педагогикалык кеңеш "Жылалды"№8 орто мектеби жалпы орто билим берүүчү мекеме болуу менен биргеликте башталгыч негизги жана жалпы билим берүүгө багытталган.

**1.2** Педогикалык кеңеш ЖПКнын Уставынын негизинде түзүлөт жана иш алып барылат.

**2.Нормативдүү сылкалар**

**2.1** Педагогикалык кеңеш өз ишмердүүлүгүндө КРнын "Билим беруу жөнүндөгү"мыйзамына, өкмөттүн жана Билим берүү жана илим министрлигинин токтом,чечим жана буйруктарына,мектептин уставына жана ушул жобого ылайык иш алып барылат.

**3.Педагогикалык кеңештин компетенциясы.**

**3.1** Педагогикалы кеңеш окуу процессинин өнүктүрүүгө жаңы инновациялык билим берүү максатында иш алып барылат.

3.2 Педагогикалык кеңештин компетенциясына төмөнкү суроолорду чечүү керек:

*Окуу процессинин методикалык жактан камсыз болушу жана уюштурулушу:

*Окуу программаларын карап чыгуу жана кабыл алуу:

*Ушул жобого,лицензиянын жана аккредитациянын талаптарына ылайык окуу процессин уюштурулушун жана камсыз болушун карайт:

*Мугалимдерге стимулдун туура бөлүнүшүнө көзөмөл жүргүзүү максатында комиссияны түзүү жана ишенич көрсөтүү.

*Мугалимдерге ыраазычылык жарыялоо,Ардак грамота,баалуу сыйлыктар менен сыйлоо, райондук,облустук,министирлик тарабынан уюштурулган сыйлыктарга көрсөтүү.

*Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо,билим сапатынын көрсөткүчүн өзөмөлдөө.Олимпиадага окуучуларды катыштыруу.Чыгармачылык конкурстарга катыштыруу.

*Билим сапатын көтөрүү жана усулдук бирикмелердин иштерин жандандыруу.

*Класстан тышкаркы иштерге окуучуларды катыштыруу.

*Мектептин базасын чыңдоо

*Материалдык техникалык базаны чыңдоо.

**4.Педагогикалык кеңешти түзүү жана анын мүчөлөрү.**

4.1 Педагогикалык кеңешке директор,ОББ,ТИУ,Соц.педагог жана педагогикалык жамаат кирет.

4.2 Педагогикалык кеңештин төрагасы  мектеп директору эсептелинет.

4.3 Педагогикалык кеңештин мүчөлөрүнүн ичинен ачык добуш менен катчы шайланып алынат.

4.4Педагогикалык кеңештин төрагасы болуп мектептин директору же орун басары.

**5.Педагогикалык кеңештин отуруму жана анын кабыл алган чечимдери.**

5.1 Педагогикалык кеңеш ар бир чейректин жыйынтыгында отурум уюштурат.

5.2 Педагогикалык кеңеште 50%дан ашык мүчөлөрү катышса ал отурумду өткөрүүгө укутуу болуп эсептелинет.

5.3 Педагогикалык кеңеш ачык добуш менен чечимдерди кабыл алат жана чечимдерди токтом аркылуу тастыкталынат.Педагогикалык кеңештин көпчүлүк мүчөлөрү добуш берсе кабыл алынды деп эсептелинет.

**5.4 Педагогикалык кеңештин отурумуна катышуусу мүмкүн:**

* Педагогикалык кеңештин мүчөсү болбогон кызматкерлер.

* Педагогикалык кеңештин макулдугу менен окуучулар.

* Айыл өкмөттүн өкүлдөрү белгилүү маселелер менен.

* Ата энелер ж.б

5.5 Чечим жөнөкөй көпчүлүк добуштун негизинде кабыл алынат.

5.6 Бирдей добуш болуп калган учурда төраганын добушу чечүүчү добуш болуп саналат.Педагогикалык кеңештин чечими мектептин жетекчисин буйругу чыккан убактан кийин күчүнө кирет.

5.7 Педагогикалык кеңештин чечими боюнча нааразычылыкты КР мыйзамдары аркылуу каралат.

**6.Педагогикалык кеңештин мүчөлөрүнүн милдеттери жана укуктары.**

6.1 Педагогикалык кеңештин ар бир мүчөлөрү педагогикалык кеңештин каралуучу маселелери боюнча талкууга катышууга укугу бар жана педагогикалык кеңештин талкуусуна өзүн кызыктырган мектептин өнүгүүсүнө тиешеси бар маселелерди сунуштоого.

6.2 Ар бир педагогикалык кеңештин мүчөлөрү бардык отурумуна катышууга,анын ишине активдүү катышууга жана ага жүктөлгөн тапшырмаларды өз убагында так аткарууга милдеттүү.

**7.Педагогикалык кеңештин документтери.**

7.1 Педагогикалык кеңештин отуруму токтом менен тастыкталып,ага төрага жана катчы кол койот.Ар бир протоколго анын номери,отурум өткөн күн,катышкандардын саны,күн тартиби жана талкууланган маселе боюнча кабыл алынган чечим.

7.2 Педагогикалык кеңешке атайын тигилген,мөөр басылган журнал ачылат.

7.3 Педагогикалык кеңештин токтомдору архивде 5жылга чейин сакталат.